



пик ПОБЕДЫ
7439 м
пик Важа Пшавела
6918 м
Лагерь 5
6900 м
Лагерь 6
7000 м
Лагерь 4
6400 м
Лагерь 2
5000 м
Лагерь 1
Базовый Лагерь
4000 м
Тема: Кыргыз Республикасынын аймагынын жалпы орографиялык схемасы
8-класс
Түзгөн: география мугалими
Жунушакунова А.Ж.


«2022-жыл Тоолордун экосистемасын
коргоо жана климаттык туруктуулук
жылы»
2022–ЭЛ АРАЛЫК
ТООЛОР ЖЫЛЫ


Кыргызстандын тоолоруна саякат
ВЕРТОЛЕТЫ РОССИИ
МИ-38-2



Тема: Кыргыз Республикасынын аймагынын жалпы орографиялык схемасы
Сабактын максатын:
1. Билим берүүчү:
Кыргыз Республикасынын аймагынын жалпы орографиялык схемасы жөнүндө терең түшүнүү менен тексттин мазмунун сүйлөп бере алышат.
2. Өнүктүрүүчү :
Кыргыз Республикасынын аймагынын жалпы орографиялык схемасы боюнча картадан жана контур картадан аныктап жазуу менен тест түзүп,логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүөт.
3. Тарбия берүүчү:
Мекендин керемет табиятына, тоолоруна аяр мамиле жасоого, когоого жана сабакка болгон кызыгуусун арттырууга тарбияланышат.

# ҮЙ ТАПШЫРМАНЫ ТЕКШЕРҮҮ
# « ТЕСТ КУРЖУНУ»

1. Кыргызстандын аянты канча?
2. Кыргызстандын жалпы чек ара сызыгынын узундугу канча?
3. Кыргызстандан Түндүк Муз океанына чейинки аралык канча?
4. Кыргызстандан Инди океныча чейинки аралык канча?
5. Кыргызстандан Атлантика океныча чейинки аралык канча?
6. Кыргызстандан Тынч океныча чейинки аралык канча?
7. Кыргызстан менен Казакстандын чек ара сызыгы канча?
8. Кыргызстан менен Өзбекстандын чек ара сызыгы канча?
9. Кыргызстан менен Кытайдын чек ара сызыгы канча?
10. Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара сызыгы канча?
11. Жеңиш чокусунун бийиктиги канча мерт?
12. Ленин чокусунун бийикиги канча?

# Алыкул Осмонов. Кыргыз тоолору

Тоого тоолор курамалап,курашып,
Узун тартып уламалап улашып,
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.



Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып,калың жерде заңкайып,
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоодон туздар шөкүлөдөй жаркарап,
Ар жагынан,бер жагынан куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.


Кыргыз тоосу,элдин сүйгөн тоолору,
Мындай сонун асыл тоолор болорбу
Асман тиреп,жеңе билер ар качан,
Өлкөбүзгө кас санаган жоолорду.

# ЖООП: «ТЕСТ КУРЖУНУ»

1.Кыргызстандын аянты канча? (198,5 мин $км^2$)
2.Кыргызстандын жалпы чек ара сызыгынын узундугу канча? (4508км)
3. Кыргызстандан Түндүк Муз океанына чейинки аралык канча? (3380 км)
4. Кыргызстандан Инди океныына чейинки аралык канча? ( 1670 км)
5. Кыргызстандан Атлантика океныына чейинки аралык канча? (6530 км)
6. Кыргызстандан Тынч океныына чейинки аралык канча?(3830 км)
7. Кыргызстан менен Казакстандын чек ара сызыгы канча?(1113км)
8. Кыргызстан менен Өзбекстандын чек ара сызыгы канча?(1374км)
9. Кыргызстан менен Кытайдын чек ара сызыгы канча?(1049км)
10.Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара сызыгы канча?(972км)
11. Жеңиш чокусунун бийиктиги канча мерт?(7439 м)
12. Ленин чокусунуну бийиктиги канча ? ( 7134 м)


## Кыргыз Республикасынын аймагынын жалпы орографиялык схемасы

Кыргызстандын аймагы Тянь-Шань (Теңир-Тоо) тоо системасынын батыш бөлүгүн жана Памир-Алай тоо системасынын түндүк бөлүгүн ээлейт. Аларды бөлүп турган табигый чек - Фергана өрөөнү. Тянь-Шань батыштан чыгышка карай 2450 кмге созулган Борбордук Азиядагы ири тоо системасы. Анын батыш жагын- дагы 1000 кмге жакын бөлүгүндө Кыргызстандын аймагынын басымдуу көпчүлүк бөлүгү орун алган. Чет жакалары, батыш жана түндүк жагындагы кырка тоолордун кээ бирлери толугу менен, кээси жарым-жартылай Тажикстандын, Өзбекстандын жана Казакстандын аймактарына кирип кетет.



Хан-Тенир (Кан-Теңири) чокусу (6995 м )

Меридиан кырка тоосунан батышка карай дээрлик тик бурчтукта тараган Сары-Жаз, Хан-Тенир (Кан-Теңири) чокусу (6995 м ) орун алган. Ал чокуну мамлекеттик чек ара деп айтып жүрүшөт. Чындыгында ал чоку Кытай Эл Республикасынын чек арасынан (Боз-Кырдын кырынан) 18 км түндүктө, Меридиан кырка тоосунан 9 км батышта жайгашкан. Хан-Теңир, Түштүк Эңилчек менен Түндүк Эңилчек мөңгүлөрүн бөлүп турган кырка тоонун кырында жайгашкан. Боз-Кырдын кырына бүткүл Тянь-Шань тоо системасынын жана Кыргызстандын эң бийик жери Жеңиш чокусу (7439 м) орун алган.




**Меридиан кырка тоосу-** Батыш Тянь-Шань менен Кытай Эл Республикасынын аймагындагы Чыгыш Тянь-Шандын табигый чеги – узундук боюнча түндүктөн түштүккө карай созулуп жаткан,орточо бийиктиги 6000 метрден кем болбогон тоо.Ал кырка тоо жалпы Тиянь-Шань тоо системасын дээрлик тең экиге бөлөт.

Меридиан кырка тоосунан чыгышты карай да,батышты карай да Тянь-Шань түзгөн тоо кыркалары негизинене кеңдик боюнча таралып,улуам жайылып кең орун алган.Мисалы,Текестин өрөөнүнөн Таримге чейин болжол менен 100 км,ал эми батыштагы Чүй өрөөнү менен Чыгыш Кызыл-Суу өрөөнүнө чейин 400 км. Меридиан кырка тоосу менен Боз-Кырдын тутумундагы чокунун бийиктиги 6814м,андан14 км батышта мамлекеттик чек ара боюнча созулган




Меридиан тоосу
Узловая чокусу
6814 м




Хан-Тенир (Кан-Теңири) чокусу (6995 м )

Меридиан кырка тоосунан батышка карай дээрлик тик бурчтукта тараган Сары-Жаз, Хан-Тенир (Кан-Теңири) чокусу (6995 м ) орун алган. Ал чокуну мамлекеттик чек ара деп айтып жүрүшөт. Чындыгында ал чоку Кытай Эл Республикасынын чек арасынан (Боз-Кырдын кырынан) 18 км түндүктө, Меридиан кырка тоосунан 9 км батышта жайгашкан. Хан-Теңир, Түштүк Эңилчек менен Түндүк Эңилчек мөңгүлөрүн бөлүп турган кырка тоонун кырында жайгашкан. Боз-Кырдын кырына бүткүл Тянь-Шань тоо системасынын жана Кыргызстандын эң бийик жери Жеңиш чокусу (7439 м) орун алган.




**Боз-Кыр тоосу**
**Жеңиш чокусу 7439 м**



**Боз-Кыр кырка тоосу –** Какшаал тоо тизмегинин Сарыжаз капчыгайынан Меридиан кырка тоосуна чейинки чыгыш бөлүгү. Узундугу 85 км, туурасы чыгышында 40– 50 км, батышында 15–20 км. Орточо бийиктиги 5000–6000 м, эң бийик жери 7439 м (Жеңиш чокусу). Тоонун чыгыш бөлүгү

Туташ жаткан кар жана мөңгүлөр менен капталган. Эң ири мөңгүлөрү: Түштүк Эңилчек жана анын сол тармактары – Жылдызча, Жапайы жана башкалар; Кайыңды, Көйкап, Темирсуу (түштүк капталында).




Жеңиш чокусу

**Жеңиш чокусу** - Ала-Тоо кыркасында жайгашкан, тоо чокусу. Кыргыз Республикасынын эң бийик чекити. Жеңиш чокусу кыргыз-кытай чек арасында, Ысык-Көлдүн чыгыш тарабында, Хан-Теңри чокусунан 16 чакырым аралыкта жайгашып, Тянь-Шань тоо системасынын эң бийик чокусу (бийиктиги 7439 м) болуп эсептелет. СССР дин, 7000 м ден ашкан беш чокусунун арасына кирип, жер шарынын эң түндүк жетимиңдик тоосу болуп эсептелет.

Кыргыз Ала-Тоосу орографиялык жагынан Күңгөй Ала- Тоосунун Боом капчыгайынан батышка кеткен уландысы. Боом капчыгайынан батышты карай Кыргыз Ала-Тоосу кеңдик боюнча созулуп, Тараз шаарына жакын барып бүтөт. Анын узундугу 454кмге созулуп, туурасы эң жазы жеринде 40км ден ашык.Бийик бөлүгү Кара-Балта жана Шамшы сууларынын аралыгында, эң бийик жери Бишкек шаарынын тушунда Батыш Аламүдүн чокусу (4895 ж), Түндүгү Чүй өрөөнү, түштүгү Талас, Суусамыр жана Кочкор өрөөндөрү менен чектелет.


Аламдүн чокусу - Кыргыз Ала-Тоосундагы эң бийик чоку. Бийктиги 4895 м. Ала-Арча менен Аламүдүн капчыгайларынын баш жагын болуп турган, Кыргыз Ала-Тоосунун түндүктөн-батышты көздөй кеткен тармагынан орун алган.
дайыма кар, мөңгү каптап жатат.




**Иле Ала-Тоо** – түндүк Теңир-Тоодогу кырка тоо, Кыргызстан менен Казакстандын чегарасында. Орточо бийиктиги 3750 метрге жакын, эң бийик жери – Талгар чокусу (4979 м). Тоодо Теңир-Тоодогу эң байыркы тоотек катмарлары жатат. Иле Ала-Тоо борбордук бөлүгүнөн батышты жана чыгышты карай жапыздайт. Түштүк капталдары тик жана кыска, түндүгү жазы. Айрым чокуларын мөңгү (жалпы аянты 484 км2) каптап жатат. Түндүк капталынан Иле дарыянын, түштүгүнөн Чоң-Кемин суусунун куймалары башталат. Иле Ала-Тоосуна жарым чөл (900–1300 м), талаа (900–1900 м), токой-шалбаалуу талаа (1400–2800 м) шалбаалуу субальп (2500– 3100 м), шалбаалуу альп (3100–3500 м), гляциалдык-нивалдык (3500 мден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Түндүк этегинен Алматы ш. орун алган.




Иле Ала-Тоосу
Талгар чокусу
4973 м




# Тянь-Шандын ортоңку тизмектеги тоолору




**Пскем кырка тоосунун** түштүк-чыгыш капталы гана Кыргызстанга карайт. Жалпы узундугу —141 км, эң жазы жери —20 км, эң бийик жери Беш-Төр чокусу — 4299 м.

**Беш-Төр чокусу** - Пскем кырка тоосунда. Беш-Төр (Чандалаштын оң куймасы) суусунун башынан орун алган. Бийикт. 4299 м.



Чоң-Алай тоо кыркасы — Кыргызстандын аймагынын эң түштүк четинде Памир тоолорунун түндүк чети болгон Чоң-Алай кырка тоосу орун алган. Чоң-Алай кырка тоосунун суу бөлгүчү Тажикстан менен Кытай Эл Республикасынан Кыргызстандын аймагын бөлүп турган чек ара катары милдет аткарат. Алай кырка тоосу менен Чоң-Алай кырка тоосунун ортосунда кеңдик боюнча созулган Алай өрөөнү Памир тоолору менен Алай-Түркстан тоолорунун табигый чеги болуп эсептелет. Кырка тоо батышта Кызыл-Суу менен Мук-Суунун чатынан чыгышта Чыгыш Кызыл-Суу менен Маркан-Суунун кошулган жерине чейин 250 км ге кеңдик боюнча созулуп жатат. Анын ичинен 190 км Кыргызстандын чегинде жатат. Эң бийик жери Ленин атындагы чокунун бийиктиги 7134 м, ал бийиктиги боюнча Кыргызстандагы экинчи орундагы чоку.




Ленин чокусу Чоң-Алай кырка тоосунун борбордук бөлүгүндөгү эң бийик чоку. Кыргызстан менен Тажикстандын арасында. Бийиктиги боюнча (7134 м) Кыргызстандагы Жеңиштен кийин экинчи, КМШдагы 3-чоку. Кырка тоонун чоку көтөрүлүп турган аймагы кар мөңгү менен капталган. Кар чеги түндүгүндө 4200 м, түштүгүндө 4500 м бийикте. Түндүк капталынан Корженевский (уз. 19,5 км), Ленин атындагы (9,5 км) жана Каман (8,1 км), түштүгүнөн Чоң жана Кичи Суукдара (25,2 жана 13,1 км) мөңгүлөрү башталат. Чокуга альпинисттерден 1-болуп, 1934-ж. В. Абалаков, К. Чернуха жана И. Лукин чыккан.

## «Эки беттүү күндөлүк» ыкмасы аркылуу Кыргызстандын Тянь-Шань тоо системасын аныктагыла

| № | Тоо системалары | тоолор |
|---|---|---|
| 1. | Тянь-Шандын түндүк тоо тизмеги | |
| 2. | Тянь-Шандын ортоңку тоо тизмеги | |
| 3. | Тянь-Шандын түштүк тоо тизмеги | |

## Жооп:«Эки беттүү күндөлүк» ыкмасы аркылуу Тянь-Шань тоо тизмектерин аныктагыла

| № | Тоо системалары | тоолор |
| --- | --- | --- |
| 1. | Тянь-Шандын түндүк тоо тизмеги | Күңгөй Ала-Тоо, Иле Ала-Тоосунун батышы,Кыргыз Ала-Тоосу,Талас Ала-Тоосу кирет. |
| 2. | Тянь-Шандын ортоңку тоо тизмеги | Тескей Ала-Тоосу Кара-Кужур,Кичи Нарын,Ара-Бел,Кум-Төр,Сары-Чат жана Жетим,Жетим-Бел тоолору жайгашкан. |
| 3. | Тянь-Шандын түштүк тоо тизмеги | Какшаал тоосу,Боз –Кыр,үзөңгү-Кууш |

# «Баш катырма» аркылуу төмөнкү тоолорду чокулары менен дал келтиргиле

| № | Тоолор |
|---|---|
| 1. | Кыргыз-Ала-Тоосу |
| 2. | Фергана тоосу |
| 3. | Түркистан тосуу |
| 4. | Пскем тоосу |
| 5. | Чаткал тоосу |
| 6. | Чоң-Алай тоосу |
| 7. | Какшаал тоосу |
| 8. | Талас Ала-Тоосу |

| | |
|---|---|
| А | 4482 м |
| Б | 7134 м |
| В | 6995 м |
| Г | 4895 м |
| Д | 5621 м |
| Е | 7439 м |
| Ё | 4503 м |
| Ж | 4893 м |
| З | 5876 м |
| И | 4396м |

Жообу:

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

## Жообу: «Баш катырма» аркылуу төмөнкү тоолорду чокулары менен дал келтиргиле

| № | Тоолор |
|---|---|
| 1. | Кыргыз-Ала-Тоосу |
| 2. | Фергана тоосу |
| 3. | Түркистан тосуу |
| 4. | Пскем тоосу |
| 5. | Чаткал тоосу |
| 6. | Чоң-Алай тоосу |
| 7. | Какшаал тоосу |
| 8. | Талас Ала-Тоосу |

| | |
|---|---|
| А | 4482 м |
| Б | 7134 м |
| В | 6995 м |
| Г | 4895 м |
| Д | 5621 м |
| Е | 7439 м |
| Ё | 4503 м |
| Ж | 4893 м |
| З | 5876 м |
| И | 4396м |

Жообу:

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Г | Ж | Д | И | Ё | Б | Е | А |

# 2-тапшырма

# Контур карта менен иштөө

**А) Кыргызстандын төмөнкү тоолорунун жайгашкан ордун аныктап контур картага жзгыла?**

1. Чаткал тоо
2. Какшаал тоо
3. Жаман тоо
4. Фергана тоо
5. Тескей Ата-Тоо
6. Талас Ала тоо
7. Кыргыз Ала-Тоо
8. Молдо тоо
9. Ат-Башы кырка тоо
10. Алай кырка тоо

**Б) Кыргызстандын төмөнкү бийик чокуларынын аттарын жана деңиз деңгээлинен канча мерт бийиктигин контур картага белгилеп жазгыла?**

11. Манас чокусу
12. Ленин чокусу
13. Жеңиш чокусу
14. Батыш Алайкуудун чокусу
15. Афлатун чокусу

# Жообу: «Баш катырма» аркылуу төмөнкү тоолорду чокулары менен дал келтиргиле

| № | Тоолор |
|---|---|
| 1. | Кыргыз-Ала-Тоосу |
| 2. | Фергана тоосу |
| 3. | Түркистан тосуу |
| 4. | Пскем тоосу |
| 5. | Чаткал тоосу |
| 6. | Чоң-Алай тоосу |
| 7. | Какшаал тоосу |
| 8. | Талас Ала-Тоосу |

| | |
|---|---|
| А | 4482 м |
| Б | 7134 м |
| В | 6995 м |
| Г | 4895 м |
| Д | 5621 м |
| Е | 7439 м |
| Ё | 4503 м |
| Ж | 4893 м |
| З | 5876 м |
| И | 4396м |


Жообу:

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Г | Ж | Д | И | Ё | Б | Е | А |

# БЫШЫКТОО:



# «Синквейн» түзүү

| Тоолордун аттары | Чокулардын аттары | Чокулардын бийиктиги |
| --- | --- | --- |
|  |  |  |

# Кыргызстандын тоолору жана чокулары боюнча тест менен иштөө

**1. Кыргызстандагы эң бийик чоку?**

A) Ленин B) Гималай C) Жеңиш D) Хан-Теңири

**2. 7439м жана 7134 м кайсы чокулардын бийиктиги?**

A) Ленин,Чок-Тал B) Пирамида,Данков

C) Жеңиш,Аскалуу D) Жеңиш,Ленин

**3. Беш-Төр чокусу кайсы тоодо жайгашкан?**

A) Чандалаш тоосунда B) Түркстан тоосунда

C) Пскем тоосунда L) Фергана тоосунда

**4. Кыргызстандын Тянь-Шань тоолору канча тоо тизмектерине бөлүнөт?**

A) 4 B) 5 C) 3 L) 2

**5.Тянь-Шандын түштүк тоо тизмегине кирген тоону белгилегиле?**

A)Кара-Кужур тоосу B) Кыргыз-Ала тоо

C) Күңгөй Ала тоосу D) Какшаал тоосу

# Кыргызстандын тоолору жана чокулары боюнча тест менен иштөө

Жооп:

1. Кыргызстандагы эң бийик чоку?

A) Ленин B) Гималай **C) Жеңиш** D) Хан-Теңири

2. 7439м жана 7134 м кайсы чокулардын бийиктиги?

A) Ленин,Чок-Тал B) Пирамида,Данков

C) Жеңиш,Аскалуу **D) Жеңиш,Ленин**

3. Беш-Төр чокусу кайсы тоодо жайгашкан?

A) Чандалаш тоосунда B) Түркстан тоосунда

**C) Пскем тоосунда** L) Фергана тоосунда

4. Кыргызстандын Тянь-Шань тоолору канча тоо тизмектерине бөлүнөт?

A) 4 B) 5 **C) 3** L) 2

5.Тянь-Шандын түштүк тоо тизмегине кирген тоону белгилегиле?

A) Кара-Кужур тоосу B) Кыргыз-Ала тоо

C) Күңгөй Ала тоосу **D) Какшаал тоосу**

## “Акыл чабуул”оюну аркылуу иштөө

**Сөздүктөр**

| | |
|---|---|
| Меридиан | Манас |
| Семёнов | Каракол |
| Жеңиш | Тамдыкул |
| Иле | Фергана |
| Пскем | Түкристан |
| Жетим | Ленин |
| Какшаал | Чон Алай |

**Сандар сүйлөйт**

| | | |
|---|---|---|
| 198,5 | 7439 | 7134 |
| 4482 | 4471 | 454 |
| 4895 | 5621 | 4893 |
| 4503 | 582 | 5216 |
| 6995 | 2450 | |
| 5539 | 6995 | |

# Үй тапшырма:

1. $ 2.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫГНЫНЫН ОРОГРАФИЯЛЫК СХЕМАСЫ ДЕГЕН ТЕМАНЫ КИТЕПТЕН ОКУУ ЖАНА ТЕСТ ТҮЗҮҮ.
2. КЫРГЫЗСТАНДЫН ТООЛОРУН ЖАНА ЧОКУЛАРЫН КАРТАДАН АНЫКТАП, КОНТУР КАРТАГА ЖАЗУУ





